ӨКМӨТ БАШЧЫ ЖАЗГЫ ТАЛАА ИШТЕРИ МЕНЕН ТААНЫШТЫ

КРнын Премьер-министри Мухаммедкалый Абылгазиев өткөн жуманын аягында Ысык-Ата районуна жумушчу сапары менен келип, жазгы талаа иштеринин жана каналдарды мелиоративдик тазалоонун жүрүшү менен таанышты. Жумушчу сапарда премьер-министр менен кошо КРнын Айыл чарба, өнөр жай, тамак-аш жана мелиорация министринин орун басары Жаныбек Керималиев, Суу чарба департаментинин директору Көкүмбек Таштаналиев, КР Өкмөтүнүн айыл чарба комплекси, экология жана жаратылышты пайдалануу бөлүмүнүн башчысы Алмаз Жээналиев, КР Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Элкинбек Ашырбаев жана башкалар келип, аларды райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Калмырза Кожомкулов, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы Турдубек Андашев коштоп жүрдү. Өкмөт башчы Чыгыш Чоң Чүй каналын тазалоонун жүрүшү, Бирдик айылындагы "Чумыш" каналынын жээгин бекемдөө иштерине күбө болду.

Өкмөт башчысына жеринен сугат каналдарынын сапаттуу ишин камсыздоо үчүн республика боюнча мелиоративдик иштерди уюштуруу тууралуу маалымат берилди. Мухаммедкалый Абылгазиев райондогу жазгы талаа иштеринин жүрүшү менен таанышып, айыл чарба техникасын көрүп, жер айдоо иштерине катышып, жергиликтүү фермерлер жана дыйкандар менен жолугуп, маектешти.

Жолугушууда дыйкан чарбалардын өкүлдөрү өкмөт башчыга айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү пландары, заманбап айыл чарба техникасын сатып алуу жана пайдалануу, ошондой эле продукцияларды сатуудагы кыйынчылыктар тууралуу айтып беришти. Мухаммедкалый Абылгазиев тиешелүү мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү бийликке айыл чарба өндүрүүчүлөрүн колдоо, анын ичинде жаңы финансылык каражаттарды киргизүү, инвестицияларды тартуу, дыйкандарга жеңилдетилген насыя берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана лизингдик программаларды ишке ашыруу боюнча чараларды күчөтүүнү тапшырды.

Өкмөт башчы ошондой эле фермерлерди күйүүчү май, үрөн, жеткиликтүү насыя жана техника менен камсыздоо маселелерин ыкчам тартипте чечүүнү милдеттендирди.

Өкмөт башчы өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо, айыл чарбасын жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү боюнча милдеттерди натыйжалуу аткарууну талабы коюлду. Ошондой эле жергиликту фермерлерге "Айыл чарбасын каржылоо - 7" долбоорунун алкагында жеңилдетилген насыя алуунун кеңири мүмкүнчүлүгү тууралуу да эскертти.